УДК 371(575.2)

**Бакирова Н.А., Аблабекова С., Раимбекова М.Р.**
И.Арабаев атындагы КМУнун кыргыз, орус тилдеринин башталгыч класстарда окутуунун технологиялары кафедрасынын магистранттары,
И.Арабаев атындагы КМУнун педагогика факультетинин профессордун м.а.
**Бакирова Н.А., Аблабекова С., Раимбекова М.Р.**
Магистранты кафедры технологии обучения кыргызскому и русскому языкам в начальной школе КГУ им. И. Арабаева,
И.о. профессора факультета педагогики КГУ им. И. Арабаева,
**Bakirova N.A., Ablabekova S., Raimbekova M.R.**
Undergraduates of the Department of Technology of Teaching Kyrgyz and Russian Languages at the Primary School of KSU named after I. Arabaeva,
And about. Professor of the Faculty of Pedagogy, KSU named after I. Arabaeva,

# БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТИН ОКУУЧУЛАРЫНЫН СӨЗ БАЙЛЫГЫН ӨСТҮРҮҮДӨ МАКАЛДАРДЫН ОРДУ

# РОЛЬ ПОСЛОВИЦ В РАЗВИТИИ СЛОВАРНОГО ЗАПАСА МЛАДШИХ ШКОЛЬНИКОВ

# THE ROLE OF PROVERBS IN THE DEVELOPMENT OF VOCABULARY IN PRIMARY SCHOOL CHILDREN

**Аннотация:** Бул макалада макал-ылакаптардын, накыл кептердин окуучулардын сөз байлыгын, аң-сезимин өстүрүүдөгү, тарбия, билим берүүдөгү орду, ролу тууралуу маселелерди иликтөөгө аракеттер жасалды. Баарыбызга белгилүү болгондой, макал-ылакаптардын, накыл кептердин эзелтеден бери эле тарбиялык мааниси зор, эстеп калууга жеңил жана грамматикалык жактан ийкемдүү болгондуктан, тил үйрөнүүдө, окуучулардын сөз байлыгын өстүрүүдө аларды орду менен колдонуу жакшы натыйжаларды берет.

**Аннотация:** В статье используются роль и место пословиц и поговорок, мудрые слова в развитии у учащихся словарного запаса, мыслительных способностей, а также воспитание и образование. Как известно, пословицы и поговорки в работе с детьми заняли прочное место как эффективное средство в воспитании, их легко запомнить, грамматически они представляют сложные формы и этим они являются прекрасным материалом для развития речи в обучении языку.

**Негизги сөздөр:** макалдар, ылакаптар, накыл кептер, тарбия, билим, элдик оозеки чыгармачылык, дидактика, тил, табышмак, жаңылмач ж.б.

**Ключевые слова**: пословицы, поговорки, мудрые слова, воспитание, знание, устное народное творчество, дидактика, язык, загадки, скороговорки и т.д.

**Abstract:** The article examines the role of proverbs and sayings in the development of students' vocabulary, their abilities, as well as education and training. As we all know, proverbs and sayings have always had a great educational value, they are easy to remember and grammatically flexible, so they can be used in language learning and vocabulary development.

**Key words:** proverbs, sayings, wise words, education, knowledge, cozy folk art, didactics, language, riddles, tongue twisters and so on.

Кыргыз элинин оозеки адабияты, элдик оозеки чыгармачылыгы дидактикалык жанрдагы бир шилтем чыгармалардан тартып, башка элдерден айырмаланып турган зор көлөмдүү эпосторго чейинки бай мурастарды жараткандыгы менен баа жеткис. Мындай чыгармалар тээ бабалардан эле муундан-муунга мурасталып келген. Бул кыска көлөмдөгү макал, ылакап, накыл сөздөр, табышмак, жаңылмач, учкул сөздөрдөн тартып көлөмү жагынан да, мазмуну жагынан да дүйнөгө теңдеши жок улуу “Манас” эпосубузга чейинки чыгармалар күбө. Мезгил өткөн сайын алар канчалык өзгөрүүлөргө учураса да, эң башкысы, түпкү маани-маңызы тарыхтын үлүшү катары өз мамилесин жоготпой сактап келет. Элдин тарыхындагы урунттуу учурлар, ар кыл жагдай-шарттар жалпы эле баалуу өзгөчөлүктөр тууралуу маданий, социалдык, экономикалык жана башка ар түрдүү маалыматтарды эстетикалык-тарбиялык, логикалык, философиялык багыттарда дал ушул элдик оозеки чыгармалардан алабыз. Ошондуктан аларга ар тараптуу жана кеңири мүнөздөгү изилдөө иштерин жүргүзүү учурдагы зарылдык болуп эсептелинет.

Кыргыз элинин оозеки адабиятынын тарыхы жазма адабиятыбызга караганда алда канча мурда жаралгандыгы белгилүү. Кайсы элдик оозеки адабиятын албайлы, ал өзүнүн пайда болушунан жана өнүгүшүнөн тартып элдик коомдук аң-сезимин, дүйнөгө, жаратылышка болгон көз карашын, мамилесин, баасын көркөм формада чагылдырып турат. Ошол эле учурда адамдардын рухий дүйнөсүн байытып, жашоо-турмуштун оош-кыйыштарынан кабар берип, адамдык нарк-насилге, адеп-ахлакка, туура жүрүм-турумга тарбиялоо милдетин өтөп келет (Жумагул к.А., 59-б.).

Кыргыз эли көптөгөн кылымдар бою жараткан көркөм дөөлөттөргө арбын. Бизди кызыктырганы – карт тарыхыбыздын үзүрү жана узак мезгил аралыгындагы элдик бай тажрыйбалардын, салт-жөрөлгөлөрдүн жыйындысы катары эсептелген макал-лакаптар, накыл кептер, алардын билим жана тарбия берүү жаатындагы ролу, маани-маңызы.

Макал-лакаптар, накыл кептердин тарбиялык мааниси зор. Макал-лакаптар, накыл кептер өзүнүн тарбиялык мааниси менен башка фольклордук жанрдардан айырмаланып турат. Мында макал-лакаптар, накыл кептерди, негизинен, кыргыз тил (мамлекеттик тил) сабагында темага жараша ар бир программага ылайыктуу өтүлүүчү тема боюнча мисал иретинде алып, анын маанисин сабакта кошумча түшүндүрсө болот. Негизинен, көпчүлүк макал-лакаптар, накыл кептер ак менен караны, жакшы менен жаманды, күн менен түндү, жарык менен караңгыны, илим менен илимсизди, асман менен жерди, айырмалап көрсөтөт (Сайдалиева, 43-б.).

Турмуштук тажрыйбалардан улам эленип, иргелип чыккан бүтүн жыйынтыктардын эң кыска түзүлүштө таамай чагылдырган дидактикалык жанрдагы чыгармалардын бир түрү – макалдар. Алар жашоо турмуштагы көрүнүштөрдөн, жаратылыштык байкоолордон жыйынтык чыгарып, калыстык менен чындыктын үлгүсү болуп, обьективдүү дүйнөгө болгон көз карашты билдирет. Макалдар философиялык түзүлүшкө ээ болуу менен логикалык татаалдашкан ой жүгүртүүнү талап кылат. Акыл-эсти өстүрүүгө, кеп байлыгын өстүрүүгө байланыштуу ой жүгүртө билүүгө, айта турган ойду терең жана таасирдүү жеткирүүгө, түзүлгөн проблемадан өз алдынча жыйынтык чыгарууга түрткү берет. Адамдарга тааныш эмес заттар, нерселер турмуш чындыгынан алыс турган көрүнүштөр, окуялар накыл кептерде, макалдарда кездешпейт. Аларда ааламды көрө билүүчүлүк, турмушту таануучулук, обьективдүү чындыкты түшүндүрүүчүлүк, практикалык тажрыйбаны, илим менен билимди түшүндүрүүчүлүк камтылган. Ушундан улам, элдин үрп-адаты, элдин салт-санаасы, маданияты, ой-тутуму алардын сырткы дүйнөнү таанып-билүүсүнө байланыштуу болот. Мына ошол обьективдүү дүйнөнү адамдардын канчалык даражада кабыл алуусу, түшүнүүсү,

аларга болгон көз карашы, мамилеси макалдарда, накыл кептерде эң кыска көркөм ыкма менен логикалык-философиялык багытта чагылдырылган. Натыйжада, адамзатты туура жашоого, мазмундуу өмүр сүрүүгө, адилет калыс болууга тарбиялоо идеясы – макалдардын, накыл кептердин негизги пафосу.

Макалдар, накыл кептер табиятына мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү ачып берүү үчүн, анын логика-грамматикалык түзүлүшү эске алынууга тийиш. Макал, накыл кептин кыска, нуска мааниде айтылган кыска кептик уюшулушу андай ой корутундуларынын туюндурулуш жолдору, элестүү жана таасир берүүчүлүк деңгээлде кабыл алынышы, тике, кыйыр маанилердин тең катар берилиши тексттин логика-грамматикалык түзүлүшүнө тикеден-тике байланыштуу. Макал, накыл кептердин сүйлөмдүк көлөмдө берилишинде антонимдердин (нагыз жана контексттик), лексикалык кайталоолордун жыш колдонулушу байкалат. Макалдын, накыл кептердин логикалык туюндурулушунда ал тилдик кубулуштардын орду, функциясы белгиленип, илимий негизде талдоого алынат. Ушундан улам, кыргыз тил илиминде макалдарды, накыл кептерди лингвистикалык багытта изилдөө иштеринин жүргүзүлө баштагандыгын ачык байкоого болот. Муну менен кыргыз макалдарын, накыл кептерин тилдик багытта, окуучулардын кебин өстүрүүдө ар тараптуу иликтөө иштери жүргүзүлүп бүттү деп эч убакта жыйынтык чыгарууга болбойт. Алар дидактикалык чыгармалардын ичинен өз функциясы, семантикалык-структуралык бүтүндүгү, логикалык туюндурулушу, тексттик түзүлүшү, таасир күчү кеңири чөйрөдө активдүү колдонулушу менен айырмаланып турат (Жумагул к.А., 63-б.).

Ошондуктан алар маани-маңызы, структурасы, коммуникативдик мүнөзү, логикалык табияты, тексттик өзгөчөлүктөрү, ой туюндурулушу жана башка касиет белгилери боюнча өзүнчө обьект саналып, илимий изилдөөгө муктаж.

Азыркы мезгилдин талабына ылайык окуучулардын сөзүн өстүрүү түшүнүктөрү ар бир класста алардын кебинин бай жана ар тараптуу болушу үчүн жөнөкөйдөн татаалдыкка карай өнүктүрүлөт. Ошонун негизинде окутууда мугалимдер практикалык багытты күчөтүп, теория менен айкалыштырууга жетишүүсү керек. Адатта, окуучулардын байланыштуу кебин өнүктүрүүдө, дил баян, баяндама жаздырып гана тим болбостон, ар кандай сабактын формаларын «сабак-диспут», «сабак-конкурс», «сабак-оюн», «сабак-айтыш» сыяктуу сабактын формаларын өткөрүү менен окуучулардын эне тилине карата болгон жандуу кызыгуусун өстүрүп, өз тилин терең урматтосуна өбөлгө түзөт. Мындай методикалык ыкмалардын, формалардын ар түрдүүчө болушу окуучулардын акылына гана эмес, сергек сезимине, эмоциясына да күчтүү таасир этип жакшы натыйжаларды берет. Окуучуларды сабаттуу, маданияттуу, логикалык жактан мазмундуу кеп ишкердүүлүгүнө ээ кылуу, айрыкча, кыргыз тилчи мугалимдин эң негизги иш-аракеттеринен болуп саналат. Ошол себептүү «кыргыз тили» сабактарына коюлуучу комплекстүү талаптардын бири «Эне тил каражаттары аркылуу элдик тарбия методдорун пайдаланып, балдарга туура тарбия берүү». Кыргыз тили сабагында окуучулардын берилип жаткан сөз жана сүйлөмдүн эрежелерин жөн гана кайталап, куру жаттатпастан, окуучулардын так жана таасирдүү сүйлөшүнө көңүл буруубуз керек. Айрыкча, реалдуу турмушта кездешкен ар кандай кырдаалда туура сүйлөөгө, маданияттуу маектешүүгө зарыл болгон көндүмдөрдү калыптандырууну да максат кылууга тийишпиз. Кыргыз тилинде кыргыз элинин дили, улуттук бардык асыл-дөөлөттөрү: санжыра тарыхы, каада-салты, үрп-адаты, рухий байлыгы, улут аралык мамилелери жана башкалар сакталган. Кыргыз тили мугалими ар бир сабакты пландаштырууда жана уюштурууда окуу материалын окуучуга жеткирүүдө ошол сабактын «жетекчиси» гана милдетин аткарбастан, кыргыз тили сабагынын мазмуну менен жүзөгө ашырылуучу психо-

дидактикалык принциптерди таап, окуучунун «кыргыз» деген атуулдук касиетин ойгото алуучу этнопедагогикалык жана этнопсихологиялык мазмунду аныктоо менен сабакты уюшурууда лидер болушу маанилүү деген педагог-мугалимдерибиздин ойлоруна толук кошулууга болот.

Сабак учурунда мааниси терең макалдардын мазмунунун чечмелениши биринчиден, окуучуларды ийкемдүү жана чыгармачыл ой жүгүртүүгө багыттайт, экинчиден ойду кыска жана нуска туюндурууга көнүктүрөт. Ошондой эле сөздөрдүн полифункционалдуу табыятын практика жүзүндө өздөштүрүүдө дидактикалык маани-мазмундагы макалдар көмөкчү материал боло алат. Маселен, "Билим – кенч, эмгек анын ачкычы, Билим – бак, иш – анын мөмөсү" деген макалда "билим – кенч" деген предикативдүү сөз айкашында төмөндөгүдөй маанилер камтылып турат (Иманакунова, 31-б.).

Кыргыз тилинде окуган мектептер үчүн Б.С. Чокошева, А.Р Акуновалар тарабынан жазылган 4-класстын “Кыргыз тили” (Б., 2015) окуу китебинде 2-сабакта “Кептин түрлөрү” деген темадан кийин И.Арабаевдин “Ата жана эне туурасында бир-эки ооз сөз” деген көнүгүү иштөө үчүн текст берилген. Темага байланыштуу 2-көнүгүүдө “Макалдын маанисин чечмелеп, жазуу кебин түзгүлө” деген тапшырмада “Ата – аскалуу тоо, Эне – боорундагы булак, Бала – ортосунда жанып турган шам чырак” (6-б.) деген макалдар, 3-көнүгүүдө “Накыл сөзгө оозеки кепти уюштургула” деген тапшырмада «Ата-энеңди сыйласаң, өз балаңдан сый көрөсүң» (6-б.), 5-көнүгүүдө “Макалдарды көчүрүп жазгыла. Маанисин чечмелегиле” деп, анда да, ата-эне туурасында, тарбиялык маанидеги макалдар (Ата сыйлаган абийир табат, Эне сыйлаган элге жагат. Балдары жакшы болсо, ата-эненин кабагы жарык, Балдары жаман болсо, ата-эненин кабагы салык) берилет (7-б.).

Макал-лакаптар, накыл кептерди окутуп жатканда окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө, деңгээлине жараша колдонууга болот (М.: Жакшы бала элпек болот (32-б.); Аганы көрүп ини өсөт, эжени көрүп сиңди өсөт. Жакшы болуу – аста-аста, жаман болуу – бир паста. Жакшыга жанаш, жамандан адаш (43-б.); Кийимиңди жаңысынан сакта, Адебиңди жашыңдан сакта. Адептүү болсоң жашыңдан, Сый-урмат кетпейт башыңдан (122-б.). Ошону менен эле бирге билим туурасындагы макалдар окуу китебинде дээрлик баштан-аяк берилген (Билим алуу – ийне менен кудук казгандай. Билим – өнөр чырагы (58-б.); Билеги күчтүү бирди жыгат, Билими күчтүү миңди жыгат. Билимдүүнүн сөзү өткүр, Мергенчинин көзү өткүр (59-б.); Акыл – тозбогон тон, Билим – түгөнбөгөн кен (67-б.); Кийимиң менен мактанбай, билимиң менен мактан (76-б.); Билимдүү болсоң озорсуң, Билимсиз болсоң тозорсуң (97-б.); Китеп – билим булагы, Акыл оошот, Билим – өмүр чырагы. Билим жугушат (123-б.); Билимдин кени – китепте. Билимдүүнүн билими жугат (125-б.); Көп жашаган көп билбейт, Көп окуган көп билет (130-б.) ж.б. Бул, биринчиден, окуучулардын өз билген макал-лакаптарын, накыл кептерин кайрадан эске түшүрүп, аны бышыктоого өбөлгө түзөт. Экинчиден, сиз айткан макалды, накыл кепти окуучу биринчи жолу угуп жатса, анын маанисин кошо түшүндүргөнүңүздө анын эс тутумунуда жакшы калат. Үчүнчүдөн, макал-лакаптар, накыл кептер кыска, жаттоого оңой жана эс тутумунда жакшы сакталат. Демек, тил үйрөнүүдө макал-лакаптар, накыл кептерди колдонуу аркылуу ошол үйрөнүп жаткан тилдин дилин жакындан түшүнүүгө боло тургандыгын бүгүнкү күндөгү ааламдашуу жараянында билип олтурабыз. Кандай гана ааламдашуу шарты болсо да, тил үйрөтүүдө, окуучулардын кебин өстүрүүдө бир кездерде эл тарабынан жаралган фольклордун бир тармагы болгон макал-лакаптар, накыл кептер аркылуу үйрөтүү өз актуалдуулугун жоготпой келет, анткени макал-лакаптар, накыл кептер айтууга оңой, эске сактоого жеңил жана турмуштук философияга бай.

Тилчи-окумуштуу Т.С.Маразыков макалдарды: «Түзүлүшү кыска, мааниси нуска, тоодой ойду томуктай сөзгө батырган, элдин чыгармачылыгын, акыл-эсин өстүрүүдө өтө кеңири колдонулган, байыркы көөнөргүс мурастар» - деп баалап, макалдар өсүп келе жаткан жаш муундарды ата-бабалар тарабынан калыптанып келе жаткан сүйлөө маданиятына үйрөтүүчү окуу куралы деген тыянак чыгарат (Маразыков, 54-б.).

Жыйынтыктап айтканда, биз бул чакан макалабызда макалдардын, накыл кептердин, таалим-тарбиялык, дидактикалык негиздерине карата айрым гана ой жүгүртүүлөрүбүздү сунуштадык. Кыргыз элинде таалим-тарбиялык маанидеги көптөгөн макалдар, накыл кептер бар. Биздин оюбузча, окутуу процессинде дал ушул сыяктуу мазмуну түпкү философиясы терең макалдарды колдонуу өзгөчө зарыл жана башталгыч мектептин окуучуларынын сөз байлыгын өстүрүүдө максатка ылайыктуу.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Жумагул к. А. Кыргыз макалдарынын тилдик аспектиде изилдениши//Вестник Кыргызстана. №1. Б., 2016. 59-63-бб.
2. Сайдалиева А. Ааламдашуу шартында макал-лакаптар аркылуу кыргыз тилин үйрөнүү// Alatoo academic studies, Б., 2017. №1.42-48-бб.
3. Иманакунова К.Ш. Макалдардын билим жана тарбия берүү багытындагы ролу// Қазакстанның ғылыми әлемі (Научный мир Казахстана 2018-5,6 (63-64). Казакстан, Шымкент ш., 29-32-бб.
4. Маразыков Т.С. Текст таануу жана анын айрым маселелери: окуу куралы. - Б.:2005. I китеп. 54-б.
5. Чокошева Б.С., Акунова А.Р. Кыргыз тили. 4-класс. Кыргыз тилинде окуган мектептер үчүн окуу китеби. Б., 2015.


**Рецензент: филол.и.к., доцент Абдыкалыкова А.**